2018-2019-окуу жылында түзүлгөн Базисттик оууу планында төмөндөгүдөй сабактар жана интеграцияланган курстар берилет.

«Кыргыз тили» жана «орус тили» сабактары 1-класстан баштап 11-класска чейин окутулат.Алардын окуу жүктөмү конкреттүү жалпы билим берүүчү уюмунун окутуу тилине көз каранды.

«Чет тили» сабагы 3-класттан 3-класстан 11-класска чейин 2 сааттан 5-класстта 5, 6-класста 4 сааттан окутулат.

«Адеп»(этика)интеграцияланган курсун окутуу 1-класттан 8-класска чейин жумалык жүктөмү 1 саат көлөмүндө камтылат.5-6 9-11-класстарда «Адеп», «экономикага киришүү», «мамлекет жана укук» сабактары интеграцияланып «Адам жана коомго» бириккен.

1-класстан -4-класска чейин ар бир класста жумасына бир саат турмуш тиричиликтин коопсуздугунун негиздери (ТТКН) окутулат. ТТКН курсунун аскердик кызмат өтөөнүн аспекттери менен байланышкан мазмууну аскерге чейинки даярдык сабагына киргизилген.

«Информатика» сабагы 5-9 практикалык сабактар компьютердин жардамы менен окутулат.

Негизги жалпы билим берүүчү программалар боюнча окуучулардын билим денгээлин баалоо КР Билим берүү жана илим министрлигинин нормативтик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.Окуу сабактары 1-сентябрда башталып 25-майда аяктайт. Окуу жылы эс алуу күндөрүн эсепке кошпогондо Окуу жылынын узактыгы : 1-класста -33 окуу жумасын, 2-4-класстарда – 34 окуу жумасын, 5-11-класстарда сынактык учурду эске алуу менен 34 төн 36 га чейин окуу жумасын түзөт. 1-класттын окуучулары үчүн сабактын узактыгы-40 мүнөт.ал эми 2-11-класстар үчүн -45 мүнөт.

Каникулдардын узактыгы төмөндөгүдөй: -күзгү-8 күн. 5-ноябрдан 12--ноябрга чейин.

-кышкы -12 күн 31-декабрынан 11-январга чейин;

-жазгы-10 күн- 22-марттан-31-мартка чейин.

Биринчи класстын окуучулары үчүн райондук БББ макулдашуусу менен 3-чейректе кошумча апталык тыныгуулар берилет. Ар бир класстагы жыйынтыктоочу окуу жүктөмү жалпы билим берүүчү уюмдарынын окуучулары үчүн милдеттүү жана максималдуу мүмкүндүү болуп саналат.